| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**<br><br>**ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ**<br>**АТАЙ АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br><br>**ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**АТАЙСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VI сессиясынын**

**№ 13 ТОКТОМУ**

31.01.2025-жыл — Арал айылы

**Атай айыл аймагындагы Бирдик айылынын Акматбек атындагы көчөсүнүн 650 метр аралыктагы жолуна асфальт төшөө жөнүндө**

Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 31.01.2025-жылдагы № 01-12/220 сандуу чыгыш катындагы Бирдик айылынын Акматбек атындагы көчөсүнүн 650 метрине ысык асфальт төшөө боюнча СУНУШТАМА КАТЫН угуп жана талкуулап Атай айыл аймагынын айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги VI сессиясы **токтом кылат:**

1.Жарандардын сунуш пикирлерин эске алып, "Үлүштүк дем берүүчү грантка" Бирдик айылынын Акматбек атындагы көчөсүнүн 650 метр аралыктагы жолуна асфальт төшөө үчүн долбоор сунушталсын.

2. Тиешелүү иш кагаздарын даярдоо жагы инвестиция тартуу боюнча жетектөөчү адис Замирбек кызы Анаркүлгө тапшырылсын.

3.Токтомду аткаруу жагы Атай айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.К.Жаныбаевке милдеттендирилсин.

4.Токтом Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" мыйзамына ылайык Атай айыл өкмөтүнүн расмий маалымат сайтына жарыялансын.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, экономика, инвестиция, ишкердик иш жана экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Атай айылдык кеңешинин төрагасы** **С. Өскөнбай уулу**